УДК: 37.018 .11
**DOI:10.58494/esai.25(10).2025.19**

*Джоошбекова Зинагүл Рысбаевна,*
*п.и.к., улук ркутуучу, ОшМУ*
*dzinagul@mail.ru*
*Шерова Миргүл Мажиевна*
*магистрант, ОшМУ*
*mirgulsherova79@gmail.com*

*Джоошбекова Зинагүл Рысбаевна,*
*к.п.н., ст.преподаватель, ОшГУ*
*dzinagul@mail.ru*
*Шерова Миргүл Мажиевна*
*магистрант, ОшГУ*
*mirgulsherova79@gmail.com*

*Jooshbekova Zinagul Rysbaevna,*
*candidate of pedagogical sciences,*
*senior lecturer, Osh State University*
*dzinagul@mail.ru*
*Sherova Mirgul Mazhiyevna,*
*master's student, Osh State University*
*mirgulsherova79@gmail.com*

## АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛОО ЫКМАЛАРЫ: ТЕОРИЯЛЫК ТАЛДОО ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНУУ

***Аннотация.*** *Макалада динамикалык өзгөрүүлөр мүнөздүү болгон азыркы коомдо өсүп келе жаткан муунду адеп-ахлактык жактан тарбиялоо маселелери өзгөчө мааниге ээ экендиги, балдарда туруктуу адептүүлүк багыттарын, баалуулуктарды жана ишенимдерди калыптандыруу билим берүү жана тарбиялоонун эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналып тургандыгы белгиленген.*

*Макалада Кыргыз Республикасында инсандын рухий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу концепциясы Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Билим берүү жөнүндө", "Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, рухий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө" мыйзамдарына жана Президенттин "Инсандын рухий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө" Жарлыгына ылайык иштелип чыккандыгы белгиленет. Адептүүлүккө тарбиялоонун негизинде балдарда дүйнө менен мамиле түзүүдө алардын жүрүм-турумун жөнгө салган баалуулуктар, идеалдар, нормалар жана эрежелер системасын калыптандыруу жатат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *адептүүлүк тарбиясы, ыкмалар, классификация, балдар, мектеп, үй-бүлө, баалуулуктар, жүрүм-турум.*

## МЕТОДЫ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ: ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ И ПРАКТИЧЕСКОЕ ПРИМЕНЕНИЕ

***Аннотация.*** *В статье отмечается, что в современном обществе, характеризующемся динамичными изменениями, вопросы нравственного воспитания подрастающего поколения приобретают особое значение, а формирование устойчивых*

*нравственных ориентаций, ценностей и убеждений у детей является одной из важнейших задач образования и воспитания.*

*В статье отмечается, что концепция обеспечения духовно-нравственного развития и физического воспитания человека в Кыргызской Республике разработана в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики, законами «Об образовании», «О мерах по предотвращению вреда здоровью, физическому, интеллектуальному, умственному, духовно-нравственному развитию детей в Кыргызской Республике» и Указом Президента Кыргызской Республики «Об обеспечении духовно-нравственного развития и физического воспитания личности».*

***Ключевые слова:*** *нравственное воспитание, методы, классификация, дети, школа, семья, ценности, поведение.*

## METHODS OF MORAL EDUCATION: THEORETICAL ANALYSIS AND PRACTICAL APPLICATION

***Annotation.*** *In this article, it is noted that in today's society, which is characterized by dynamic changes, the issues of moral education of the growing generation are of particular importance, and the formation of stable moral orientations, values and beliefs in children is one of the most important tasks of education and upbringing.*

*The article notes that the concept of ensuring the spiritual, moral and ethical development of a person and physical education in the Kyrgyz Republic was developed in accordance with the Constitution of the Kyrgyz Republic, the Laws "On Education", "On Measures to Prevent Harm to the Health, Physical, Intellectual, Mental, Spiritual and Moral Development of Children in the Kyrgyz Republic" 1 and the Presidential Decree "On Ensuring the Spiritual, Moral and Ethical Development of a Person and Physical Education".*

***Key words:*** *morality education, methods, classification, children, school, family, values, behavior.*

**Киришүү**

Азыркы коомдо динамикалуу өзгөрүүлөр, жаш муунду моралдык жактан тарбиялоонун маселелери өзгөчө мааниге ээ болуп калды. Балдарда туруктуу адептүүлүккө багыттолордун, баалуулуктар менен ишенимдердин калыптанышы билим берүү жана тарбиялоонун эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Бул макалада биз адептүүлүккө тарбиялоо ыкмаларын, алардын классификациясын, теориялык негиздерин жана билим берүү процессинде практикалык колдонулушун кеңири карап чыгуу менен, азыркы замандагы чакырыктарды жана тенденцияларды эске алабыз.

Кыргыз Республикасында инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу концепцясы Кыргыз Республикасынын Конституциясын [1], Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө” мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө” Жарлыгын [2] жетекчиликке алуу менен иштелип чыкты.

Мындай ишмердүүлүктүн негизги максаты – инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылууда жетиштүү деңгээлдеги бирдиктүүлүктү камсыз кылуу болуп саналат. Концепцияда төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилет:

- улуттук, адамзаттык, үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарга, жогорку моралдык ченемдерге жана сергек жашоо образына таянган улуттук тарбиялык идеалды мүнөздөйт;
- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу максатын, милдеттерин жана базалык баалуулуктарынын системасын аныктайт;

- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуучу негизги социалдык-педагогикалык шарттарды жана жетекчиликке алынуучу принциптерди тактайт;
- билим берүү уюмдарына инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүү жана дене тарбиясы боюнча коомдук заказды максаттуу, натыйжалуу жүзөгө ашыруу багытындагы илимий педагогикалык талаптарды тариздейт;
- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн жана дене тарбиясынын милдеттерин жүзөгө ашыруудагы үй-бүлө, коомчулук жана билим берүү уюмдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана башка коомдук түзүмдөрдүн өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуу механизмин аныктайт.

**Адептүүлүк** - адамдын адамча жашоо өрнөгү, бири-бирине адамча мамиле кылуу адебине негизденген адамдардын ортосундагы мамиле.

**Адеп тарбиясы** – коомдук идеалдарды, анын өрнөктүү нормалары менен принциптерин терең өздөштүрүүнүн жана аны жүзөгө ашырууга жигердүү катышуунун негизинде туруктуу моралдык сапаттарды, адептик-ыймандык керектөөлөрдү, бекем ынаным-түшүнүктөрдү жана изги сезимдерди, туруктуу көндүмгө жана билгичтикке айланган жүрүм-турум адебин калыптандыруу максатын аркалаган социалдык институттар менен инсандардын ишмердиги [3, 3-б.].

**Адептүүлүккө тарбиялоо** - бул адамда адептүүлүк сапаттарды, сезимдерди, ишенимдерди жана жүрүм-турумду калыптандыруу боюнча максаттуу процесс болуп саналат. Адептүүлүккө тарбиялоонун негизинде балдарда дүйнө менен мамиле түзүүдө алардын жүрүм-турумун жөнгө салган баалуулуктар, идеалдар, нормалар жана эрежелер системасын калыптандыруу жатат.

Адептүүлүккө тарбиялоо маселеси ар дайым педагогдордун, психологдордун жана философтордун көңүл борборунда болгон. Азыркы дүйнөдө, балдар ар түрдүү жана көп учурда карама-каршы келген маалымат булактары менен таанышканда, аларга өздөрүнүн адептүүлүк баалуулуктар системасын түзүүгө, жакшылыкты жамандыктан ажыратууга жана жашоодо туура багыттарды тандап алууга жардам берүү өзгөчө маанилүү.

Глобалдашуулар, маалымат технологияларынын өнүгүүсү жана социалдык-маданий чөйрөдөгү өзгөрүүлөр билим берүү системасы үчүн жаңы чакырыктарды алып келүүдө. Балдар ар түрдүү маданияттарга, баалуулуктарга жана нормаларга дуушар болушат, бул болсо традициялык адептүүлүккө багыттарды жоюуга алып келиши мүмкүн. Мындай шарттарда мектептер балдарда жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделген туруктуу адептүүлүк позицияны калыптандырууда негизги ролду ойношу керек, бул баалуулуктарга жакшылык, адилеттүүлүк, чынчылдык, жоопкерчилик жана урматтоо кирет.

Изилдөөнүн максаты – адептүүлүккө тарбиялоонун ыкмаларын кеңири талдоо, алардын классификациясын, теориялык негиздерин жана заманбап билим берүү процесстеринде колдонуудагы натыйжалуулугун аныктоо.

Адептүүлүккө тарбиялоо боюнча көптөгөн окумуштуулар изилдөө жүргүзүшкөн. Алардын айрымдары төмөндө келтирилген: Жусуп Баласагындын (1016-1070) "Куттуу билим" деген аталышытагы эмгегинде адептүүлүк, билимдүүлүк жана башка маселелер боюнча баалуу ойлор белгиленсе, К.Д. Ушинскийдин (1824-1871) "Адам - тарбиянын предмети" эмгегинде балдарды адептүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык негиздери иштелип чыккан. Ал эми А.С. Макаренконун (1888-1939) "Педагогикалык поэма" аттуу эмгегинде болсо балдарды коллективде адептүүлүккө тарбиялоонун ыкмалары көрсөтүлгөн.

Бүгүнкү күндө руханий-нравалык, адеп-ахлактык, моралдык өксүктүк өкүм сүрүп турган шартта өлкө жарандарын жалпы адамзаттык баалуулуктардын жана улуттук дөөлөттөрдүн, элдик нарк-насилдин негизинде тарбиялоо аркылуу алардын духовный маданиятын, жарандык өзүн-өзү таануусун, руханий кайра жаралуусун калыптандыруу өтө маанилүү. Ошол эле учурда адам укугу менен эркиндигин урматтоо, ушуга тете милдет менен

жоопкерчилик тарта билүү, жарандык тынчтык, бекем ынтымак орнотуу аркылуу улуттук мамлекеттүүлүгүбүздү чыңдоо, өнүктүрүү, ата-бабалардан ыйык мурас катары калган дөөлөттөрдү баалап-барктоо, аларды бүгүнкү күндүн талабында модернизациялаган баалуулуктар менен жуурулуштура байытуу аркылуу духовный, маданий кайра жаралуу багытына түшүп, өсүп келе жаткан жаш муунду, деги эле жалпы коомду руханий-нравалык, таза моралдык, бийик адеп-ахлактык жана чын дене тарбиялык жактан өнүктүрүү бүгүнкү коомдун алдында турган милдет болуп саналат [1]. Адеп-ахлак тарбиянын өзгөчөлүгү эмнеде дегенде, бала өзүн алып жүрүүдө көптөгөн жакшы сапаттарын бааланган. Баланын жашоосуна эң күчтүү мээримди үй-бүлө тартуулайт эмеспи.Ошол себептен тарбиянын башаты үй-бүлө экенин ар дайым айтып келебиз жана адептуулуктун бардык ыңгайлуу жактарын үйрөтөбүз [4; 2].

Баланы адептүүлүккө жана ыймандуулукка тарбиялоодо эң орчундуу маселелердин бири ата-энелерге тиешелүү. Үй-бүлөдө бала үчүн ата-эненин жасаган мамилеси үлгү катары бааланат. Көпчүлүк убактысын бала үй-бүлөсү менен өткөргөндүгүнө байланыштуу баланын кулк мүнөзүнө ылайык мамиле жасап ага туура жолдомо көрсөтүүгө тийиш экендигин баса белгиленген. Үй- бүлөдө балдарга ашыкча талап коюу аны мажбурлап аткартуунун дагы адеп-ахлак тарбиясына эң орчундуу маселелерди жаратат [5].

Тарбиялоонун ачкычы адеп- ахлак болгондугуна байланыштуу баланын кулк мүнөзүнө ылайык мамиле жасоо ыңгайлуу. Бала үй-бүлөдөн көптөгөн жетишкендиктерди көрсөтүп турган тарбиядагы баалуу каражаттарыды таанып билүүгө үйрөнөт. Жашоодогу эң мыкты сапаттарды балдар үй-бүлөдөн алышат анын көөнөрбөс казынасын өзүнө алууга бай тажрыйба топтоого мүмкүнчүлүк жаратат. Балдар көпчүлүк учурда алсыз болгондугу үчүн аларга үзгүлтүксүз билим, адеп-ахлак тарбия берүүнү жандандыруу зарыл талаптардын бири [6, 218-б.].

Адептүүлүккө тарбиялоо багытында максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү керек:

1. Адептүүлүккө тарбиялоонун теориялык негиздерин изилдөө, ар түрдүү көз караштар жана концепцияларды изилдөө.
2. Адептүүлүккө тарбиялоонун ыкмаларын ар түрдүү негиздер боюнча классификациялап, алардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин белгилөө.
3. Адептүүлүккө тарбиялоонун ыкмаларынын ар түрдүү эффективдүүлүгүн учурдагы билим берүү процессинде, балдардын жаш курагын жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен талдоо.
4. Адептүүлүккө тарбиялоонун ыкмаларын билим берүү жана тарбиялоо практикасына колдонуу үчүн учурдагы чакырыктарды жана тенденцияларды эске алуу менен сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Заманбап педагогика жана психологияда адептүүлүккө тарбиялоону түшүнүүгө карата ар түрдүү көз караштар бар. Кээ бир изилдөөчүлөр балдарда адептүүлүккө тарбиялоо сезимдерин калыптандырууга басым жасашса, башкалары адептүүлүк жүрүм-турумдарын өүктүрүүгө, үчүнчүлөрү адептүүлүккө тарбиялоо сезимдерин стимулдаштырууга басым жасашат. Көпчүлүк изилдөөчүлөр адептүүлүккө тарбиялоону комплекстүү болушу керектигин жана бул бардык аспектилерди камтышы зарылдыгын баса белгилешет.

Адептүүлүккө тарбиялоонун ыкмаларынын көптөгөн классификациялары бар. Эң кенири тараган классификация төмөнкү ыкмалар тобун белгилейт:

1. Моралдык аң-сезимди калыптандыруу ыкмалары: сүйлөшүү, баяндамалар, түшүндүрүү, ишендирүү, лекция, доклад, талкуу, дебат, музейлерге жана театрларга экскурсиялар.
2. Моралдык жүрүм-турумду калыптандыруу ыкмалары: көнүгүүлөр, үйрөтүү, тапшырмаларды аткаруу, оюндор, тарбиялык кырдаалдарды түзүү, атаандаштык, долбоордук ишмердик, ыктыярчылык.

3. Моралдык жүрүм-турумду стимулдаштыруу ыкмалары: сыйлоо, жазалоо, мактоо, сындоо, үлгү көрсөтүү, атаандаштык, ийгилик кырдаалын түзүү.

Адептүүлүккө тарбиялоо ыкмаларынын натыйжалуулугу көптөгөн факторлорго, мисалы, балдардын жаш курагы жана жеке өзгөчөлүктөрүнө, моралдык өнүгүү деңгээлине, мугалимдин педагогикалык чеберчилигине, билим берүү жана тарбиялоо шарттарына жана коомдук-маданий контекстке байланыштуу болуп эсептелинет.

Адептүүлүк сезимдерин калыптандыруу үчүн эң натыйжалуу ыкмалар сүйлөшүү, талкуу жана адептүүлүк тандоо кырдаалдарын талдоо болуп саналат. Бул ыкмалар балдарга адептүүлүк нормаларды жана баалуулуктарды түшүнүүгө, өз көз караштарын түзүүгө жана өз пикирин аргументтештирүүгө жардам берет.

Адептүү жүрүм-турумду сыйлоо жана жазалоо менен стимулдаштыруу мугалимдерден педагогикалык тактты жана балдардын өзгөчөлүктөрүн эске алууну талап кылат. Сыйлоо адилеттүү жана ыктыярдуу болушу керек, жазалоо болсо калыс жана баланын абийирин тебелебеши керек.

Адептүүлүккө тарбиялоо ыкмаларын колдонуу боюнча төмөндөгүдөй сунуштамаларды беребиз:

1. Адептүүлүккө тарбиялоого карата комплекстүү мамилени колдонуу керек, бул ар кандай ыкмаларды жана жолдорду айкалыштыруу менен жүргүзүлүшү керек.
2. Мектепте жана үй-бүлөдө балдар менен ар бириндеги өзгөчөлүктөрдү жана кызыкчылыктарды эске алуу менен ыкмаларды тандоо маанилүү.
3. Класста жакшы мамиле, урматтоо жана кызматташтык маанайын түзүү маанилүү, анда ар бир бала өзүн ыңгайлуу жана коопсуз сезет.
4. Үй-бүлө менен өз ара аракеттешүү активдүү болушу керек, ата-энелерди тарбия процессине тартуу, биргелешкен иш-чараларды өткөрүү зарыл.
5. Мугалимдер өз квалификацияларын аддептүүлүккө тарбиялоо жаатында үзгүлтүксүз жогорулатышы керек, жаңы методдорду жана технологияларды үйрөнүп, кесиптештери менен тажрыйба алмашуусу зарыл.
6. Маалымат технологияларынын өнүгүүсү, глобалдашуу, социалдык-маданий чөйрөдөгү өзгөрүүлөр сыяктуу заманбап чакырыктарды жана тенденцияларды эске алуу жана моралдык тарбия ыкмаларын ошого ылайык адаптациялоо зарыл.
7. Адептүүлүк нормалар жана баалуулуктар жөнүндө билимдерди берүү менен гана чектелбестен, балдарга аларды чыныгы жашоодо колдонууга жана аң-сезимдүү адептүүлүккө тарбиялоо боюнча чечимдерди кабыл алууга үйрөтүү керек.
8. Балдарда сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү керек, бул аларга маалыматты талдап, аракеттерди адептүүлүк жактан баалоого мүмкүнчүлүк берет.
9. Балдардын жоопкерчилик сезимин жана өз аракеттерине жооп берүү даярдыгын калыптандыруу керек.
10. Балдарда активдүү жарандык позицияны өнүктүрүү керек, коомдук жашоого катышууга жана социалдык маселелерди чечүүгө чакыруу зарыл.

## Корутунду

Адептүүлүккө тарбиялоо - бул жогорку кесиптик денгээлди, педагогикалык тактты жана балдарды сүйүүнү талап кылган татаал жана көп аспектүү процесс. Адептүүлүккө тарбиялоонун натыйжалуулугу ыкмаларды туура тандап, колдонууга байланыштуу, бул балдардын жаш курагын жана жеке өзгөчөлүктөрүн, мектеп жана үй-бүлөнүн өз ара мамилелерин жана учурдагы заманбап чакырыктар менен тенденцияларды эске алууну талап кылат.Биргелешкен күч-аракеттер аркылуу гана биз коомдун өнүгүшүнө салым кошо турган адептүүлүк жактан жетилген, жоопкерчиликтүү жана активдүү жарандарды тарбиялай алабыз.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Конституция Кыргызской Республики от 27 июня 2010 года (в редакции закона КР от 28 декабря 2016 года). [Электронный ресурс.]: http://cbd.minjust.gov.kg.
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө” Жарлыгы. 2021-жыл, 29-январь. ПЖ № 1.
3. Окуучу жаштарды руханий-адеп ахлактык жактан өнүктөрүү жана дене тарбиялоо концепциясы, Бишкек-2021,3-бет
4. Абидетегин Ж., Жапаркул уулу А. Адам көркү адеп. - Бишкек, 2017
5. Мадаминов Г. Ата-энелер сиыздер үчүн. - Бишкек, 2021
6. Известия ВУЗов Кыргызстана, № 4, 2022, 218-бет


**Интернет булактары:**


1. https://kutbilim.kg/analytics/inner/insandyn-ruhaniy-adep-ahlaktyk-n-g-s-zhana-dene-tarbiyasy-zh-n-nd-kontseptsiyanyn-zaryldygy/